Токтом

18.10.2022 Шапак айылы

Төрагасы: Карымшаков М.Ж.
Катчысы: Анапияева С.Т.
Катышкандар:

1. ИДН кызматкери Асангазиев Бакберген
2. Райондук билим берүү бөлүмүнүн адиси Шамиев Анарбек Мусаевич
4.Мугалимдер-14
5. 8-11-класстын окуучулары
6. Ата-энелер-20

Күн тартиби:

«2022-2023-окуу жылында билим беруу мекемелеринде 8-11-класстар арасында рэкетчилик, кылмыштуулук, зордук-зомбулук, суицидти алдын алуу, дин жана диний экстремизм, эрте никеге туруу » боюнча окуучуларга кеңири маалымат берүү.

Угулду:

Алгач мектеп директору Карымшаков Майрамбек Женишбекович сөз сүйлөдү. Саламатсыздарбы урматуу ата-энелер, коноктор. Бүгүн мына биз иш-чарага чогулуп олтурабыз. Бүгүнкү иш-чаранын темасы:

«Рэкетчилик, кылмыштуулук, зордук-зомбулук, суицидти алдын алуу, дин жана диний экстремизм, эрте никеге туруунун кесепеттери ». Анда эмесе иш-чарага көнүл бурсак.

Мектептин соцпедагогу Абдылдаева Упол: зордук-зомбулук, кылмыштуулук, суицид тууралуу окуучуларга, ата-энелерге доклад окуп берип өттү. Балдарга зордук-зомбулук тууралуу тест таратылып.окуучулар тесттер менен иштешти.

1. Зордук-зомбулук деген эмне?
2. Зордук-зомбулуктун максаты.
3.Зордук-зомбулуктун багыттары.
4.Зордук-зрмбулуктун түрлөрү.
5.Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун келип чыгуу себептери. Окуучулар суроолорго жооп беришти. Окуучулар зордук-зомбулук тууралуу кыскача сценка көрсөтүштү.

Зордук-зомбулук тууралуу ИДН кызматкери Асангазиев Бакберген маалымат берди. Райондо болуп жаткан суицид, кылмышмыштуулук, эрте никеге туруунун кесепеттери жөнүндө айтып берди.

Зордук-зомбулуксуз тарбиялоону кандай түшүнөсүн? - деген темага ата-энелер өз ойлорун айтышты.

Кийинки суицид темасы тууралуу 9-класстын класс жетекчиси Сыргаков Кыялбек агай маалымат берди. «Суицид»-өз өмүрүн кыюу дегенди билдирет.

1.Суициддин алдын алуу жолдору.
2.Суициддин негизги белгилери тууралуу маалыматтарды айтышты. Ошондой эле өзүн -өзү өлтүрүү тууралуу сценка коюлду.

«Эрте никеге туруунун кесепеттери» тууралуу 11-класстын класс жетекчиси Карымшакова Салтанат Асековна маалымат берди. Эрте никеге туруу боюнча видео көрсөтүлүп,анда эрте никеге туруунун кесепеттери тууралуу көрсөтүлдүү.

1.Нике деген эмне?

2.Ак бантигин ак жоолукка алмаштырган кыздарга ким күнөөлү?
3.Эрте никеге турууда ата-эненин ролу кандай? - деген суроого ата-энелер жооп беришти.Өз ойлорун айтышты.

Шамиев Анарбек Мусаевич төмөнкүлөргө токтолду:

Саламатсыздарбы дагы бир жолу. Рахмат эжейлер, ата-энелер, окуучулар. Бүгүн биз мектептерде атайын семинардык иштерди жүргүзүп келе жатабыз. Негизги максат балдарга болгон зордук-зомбулук, суицид сыяктуу терс көрүнүштөр күчөп бараткандыктан эки айлык өткөрүлүп жатат. Маселелер учурдун талабына ылайык тандалган. Бүгүнкү тегерек столубуз абдан жакшы өттү. Окуучуларга айтаарым жакшы адам болуп, жакшы кесиптин ээси болгула.

Мектеп директору: Карымшаков Майрамбек Женишбекович.

Бүгүнкү тегерек стол максатына жетти деп ойлойм. Акыл-эстүү балдардан болушунарга тилектешмин.

## Жогорудагы айтылгандарды угуп, чогулуш токтом кылат:

1. Мектеп жашындагы окуучуларга зордук-зомбулук, суицид, эрте никеге туруунун кесепеттерин алдын алуу боюнча ар дайым түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

2. Мектеп окуучуларын ар кандай кырсыктардан сактоо жана кырсыктарды (рэкетчилик, кылмыштуулук, зордук-зомбулук, суицидти алдын алуу, эрте нике) болтурбоо үчүн ата-энелер, мугалимдер жамааты ИДН жана жалпы коомчулук биргелешип аракеттенүү сунушталсын.

2.Рейд иштери күчөтүлсүн.

Мектеп директору: Карымшаков М.Ж.

11-класстын окуучусу Шамшиев Орозобек: Кылмыштуулук рэкетчиликтен келет. Рэкет-бул өзүнөн кичүү балдарды талап –тоноо, зордук-зомбулук кылуу. Балдарды сабап, кемсинткенде суицидке алып келет.

Ата-эне- Батырканова Зууракан: Кылмыштуулук азыр коомчулукта өтө көйгөйлүү маселе. Буга жалпы коом аракет кылыш керек. Суицид шариятта өтө чоң күнөө. Буга жаман сөз угуп, же бирөө кемсинткенде жеңил ойлуулук менен барып атышат. Чоң кишилер ичкиликтен, ал эми жаш балдар болор-болбос нерседен барып атышат.

Соцпедагог:

: СУИЦИД деген эмне?

«Суицид» латын тилинен алынган «өзүн-өзү өлтүрүү, өзүнө эрки менен кол салуу» деген маанини билдирет

Суицид- психологдордун айтуусу боюнча, жашоо темпинин өсүшү менен, кризистик кырдаалдардын күчтүүлүгү, адамдын психологиялык күчүнүн, эркинин начарлоосу менен түшүндүрүлөт. «Суицид» латын тилинен алынган «*өзүн-өзү өлтүрүү, өзүнө эрки менен кол салуу*» деген маанини билдирет. Суицидге көбүнчө 15 жаштан 22 жашка чейинки өспүрүмдөр барышат. Бул өспүрүмдүк кризис менен байланышкан, өсүп жаткан куракта балдар ар бир нерсени жүрөгүнө жакын алып, эмоционалдык түрдө капыстан реакция жасайт. Ошондуктан алардын сезимдеринин калыптанып, өөрчүп турган кезинде жөнөкөй гана көйгөйдү алар оор кабыл алып, өздөрүнүн проблемеларын ким менен чечүүгө болору тууралуу жол таппай, өздөрүн эч кимге керексиз жана эч ким коргой албай тургандай сезип, алар үчүн өз өмүрүн кыюу гана оңой жол катары көрүнүп, жашоосун кыйганга барышы мүмкүн. Мунун эң негизги себептери баланын учурдагы жагдайын, жан дүйнөсүн түшүнбөстүктөн болот. Мындай кырдаалда, балага эң жакын, эң кымбаты ата-энеси. Андыктан ата-эне көпчүлүк учурда жашоонун ар-кандай шарттарынан, үй-тричилигинен улам балдарына көп көңүл бура албай, өздөрүнүн баласына болгон сүйүүсүн ачык билдире албай калган учурда,(айрыкча көп балалуу үй-бүлөлөрдө) балдар өздөрүн моралдык жана ата-энелик мээримдүүлүктөн кандайдыр боштукта калгандай туюп, өздөрүн эч кимге кереги жоктой сезгенден болот. Андыктан психолгоктордун сунушу боюнча ар-бир ата-эне, күнүнө беш жолудан кем эмес өспүрүм баласын кучактап, аны баары кандай жакшы көрө тургандыктарын, аны менен сыймыктанууга татыктуулугун байма-бай айтып, эркин аны менен маектешип пикир алышып, анын оюу менен да эсептешип, ата-энелик мээримин берип туруу керек экен. Ошондо гана жаш өспүрүм өзүнүн кимдир бирөөлөргө керектүүлүгүн, аны жакшы көрөрүн билип, ата-энелик мээримге сугарылып, толук кандуу моралдык жактан туруктуу бала болуп чыгат экен.

Негизи суицид баланын оюна аркандай жагдайлар менен келет экен. Атайын адистердин сурамжылоосу боюнча,орто эсеп менен ар бир онунчу жаш өспүрүмдүн оюна кандайдыр-бир учурда суидцит тууралуу ойлор келип кетет экен. Бул ой, мисалы: эң биринчиси ата-энеге, айланасындагы жакын адамдарга таарынуу, бактысыз, жоопсуз сүйүүгө кабылуу, экономикалык кыйынчылыктар, карыз болуу, жакын адамынан ажыроо, жакын адамдары менен жаңжал, өзүн-өзү жазалоо, же өзүн көрсөтүү максатында.

Зордук-зомбулук болсо, мектепке келип айтуу керек. Такыр баш ийбеген балдар атайын колонияларга жиберилип атат. Жаман иштерден алыс болушубуз керек.

9-класстын окуучусу Совхозбеков Абубакир: Кылмыштуулук- бул уурулук кылуу, ала качуу, талап-тоноо, рэкетчилик.

Ата-эне Узбекова Гулзат: Бул коомчулуктун чоң маселеси. Чечкенге, балдарга түшүндүргөнгө аракет кылышыбыз керек . Балдарын карабаган ата-энелер бар.Кээде балдар ата-энеден коркуп айтпай коет. Бала менен ата-эне тыгыз байланышта болуш керек .

11-класстын окуучусу Шакирова Гузелла :Суицид- бүл өзун өзу өлтуруу. Суицид рэкетчиликтен келип чыгат. Интернет сайттан алынган маалыматтардан көп тескери нерселерди үйрөнүп атышат .Бала ата-эне менен тыгыз байланышта болуш керек.

**ИДН кызматкери Асангазиев Бакберген:** Балдар кымбат телефон алдырып алышат.Кылмыштардын көпчулугу интернеттен алынган булактардан корушот. Ата-эне абдан көзөмөл болуш керек. Балдардын психологиясы ошол себептен бузулуп, аягы уурулук, кылмыштуулук менен аяктап атат. Урматтуу ата-энелер балдардын телефонун көзөмөлдөп тургула. Окуучулар өзүнөргө керектүү нерселерди көргүлө. Библиотекада жана интернеттен окуган баланы салыштырганда, интернеттен окуган бала 16%, китеп окуган бала 46% маалымат алат. Китеп окуган пайдалуурак. Биз азыр рэйддерди жүргүзүп атабыз. Былтыр 80 бала кармалган. Быйыл 9 айда 90 бала кармалды. Саат 20:00дон кийин чыкпаш керек. Түнкүсүн бала көчөгө кылмыш кылуу үчүн чыгат. Кармалган балдардын ата-энелерине 69-берененин негизинде 7500сом олчомундо айып пул салынат.

Ата-эне Мукашев Улан: Ата-эненин созуно караганда кочодогу создор намысына тиет. ошол себептен кочого чыгып жатышат. Рейд жургузуп туралы мектеп мугалимдери менен.

Мектеп директору: Биз силердин келечегинерди ойлоп жатабыз. Силер ата-энелеринерди, бир туугандарынарды озунордун келечегинерди ойлогула. Биз мектеп жааматы ата-энелер менен бирдикте рейд жургузобуз.Эгерде балдар кармалса ИДН кызматкерлерине кайрылып озулорунун жазасын алышат.

.

Жогорудагы айтылгандарды угуп, чогулуш токтом кылат:

1. Мектеп жашындагы окуучуларга түшүндүрүү иштери тартип, тазалык, кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча ар дайым жүргүзүлсүн.

2.Окуучулардын кылмыштуулукка барбоосуна көзөмөл салу жагы ата-энелерге жана мугалимдерге милдеттендирилсин.

2.Рейд иштери кучотулсун

Мектеп директору: Карымшаков М.Ж.

Катчы: Анапияева С.Т.

У.Мурзакматов атындагы орто мектебинин ата-энелер ,окуучулар,мугалимдер жана Ак-Суу райондук бөлүмдөн келген өкүлдөр менен биргеликте өтүлгөн чогулуштун

№2протоколу.

29.01.2019. Шапак айылы.

Төрагасы: Карымшаков М.Ж.
Катчысы:Байгашкаева Ч.А.
Катышкандар:
1.Мугалимдер:15
2.Ата-энелер:30
3.5-9-класстын окуучулары.
4.ИДН Ак-СууРБИнин ЖОИ нускоочусу Кулболдиев Т.
5.Ак-Суу РБИнин ЖОИ кенже лейтенанты Сыргаев Б.

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1Ата-энелерге, мугалимдерге жана окуучуларга жаны мыйзам жөнүндө маалымат берүү.

Жүрүшү:Мектеп директору Карымшаков Майрамбек Женишбекович алгач саламдашып Ак-СууРБИнин ЖОИ нускоочусу Кулболдиев Тынчтыкка сөз кезегин берди. ИДН Ак-СууРБИнин ЖОИ нускоочусу Кулболдиев Тынчтык жаны мыйзам тууралуу маалымат берди. Жаш өспүрүмдөрдүн ар кандай кылмыштуулук жасагандыгына түздөн-түз ата-энеси жооптуу экендиги айтылды. Мисалы: кечкисин саат 9дан кийин көчөдө баскан балдарга, ар кандай талап тоноочулук, рэкетчилик, бири-бирин уруп согууга атайын өлчөмдөгү штрафтар салынат .Ал акчаны ата-энеси төлөөрү айтылды. Ошондой эле отуруш берген окуучулардын ата-энеси 3000-5000ге чейинки өлчөмдөгү штраф төлөшөт.Белгиленбеген жерге чылым чегүү 1000с, спирт ичимдиктерин ичип көчөдө жүрүүдө дагы 5500сом өлчөмүндөгү штраф төлөнөт.Андан сырткары окуучуларга суицид тууралуу маалымат берди. Ак-Суу районунан келген өкүлдөр окуучуларды сабагын окуп, жаман жактарга азгырылбай түз жүрүүлөрүн айтып өттү.

**Угулду:**мектеп директору М. Карымшаков «Мына урматтуу ата-энелер жана окуучулар милиция кызматкери жаны иштей баштаган КРнын мыйзамдарын түшүнүктүү кылып айтып берди. Биз эми сиздер менен ушул айтылган мыйзамдарды бузбай так сакташыбыз керек. Ата-энелер силерге кайрыларым окуучуларга, балдарыныздарга көбүрөөк көнүл бурсаныздар. Уй тапшырмаларын карап, тартибине көз салып турсанар. Ал эми окуучулар сиздер биздин кийинки

муун келечексиздер. Сабакты калтырбай мугалимдер берген тапшырманы аткарып тура жургонго аракет кылгыла. Мектепке телефон жана башка сабактарга тиешеси жок нерселерди алып келбегиле. Бири-биринерди сыйлап тургула, рекет ж.б. терс корунуштогу нерселерден алыс болгула. Суицидден алыс болуп, бир нерсе жасаардын алдында терен ойлонгула. Карагылачы жакында болгон Ичке-Жергез айылындагы окуяны. 9-класс окуган бироонун жалгыз баласы жок жерден озунун омурун озу кыйды. Байкуш ата-энеси ушул кезге чейин чонойтуп, окутуп тарбиялап остурсо. Ошондуктан окуучулар силер андайга барбагыла. Ата-энени, бир туугандарды ыйлатпагыла. Эгер бир маселе болсо, аны озунор чече албай жатсанар ата-энеге, класс жетекчинерге, бир туугандарынарга, соц.педагог Медатбекова Айзада эжейинерге же мага кайрылып айтып тургула.Эгер такыр айткынар келбесе залда «Ишеним кутучасы» илинип турат, ошого кагазга жазып салып койгула.

Чогулуш чечим кылат:

1. Жаны күчүнө кирген «Бузуулар жана жоруктар» мыйзамдарын бузбоого ар дайым аракеттер көрүлсүн.

2. Окуучулардын ата-энелери алардын мыйзамдуу өкүлдөрү окуучулардын ден-соолугуна, окуусуна жана жүрүм-турумуна көзөмөл кылып жоопкерчиликтери күчөтүлсүн.

3. Уйлорго окуучулардын кечесин уюштурууга тыюу салынсын.

4. Кечкисин саат 21.00дон кийин окуучуларга кочодо басууга тыюу салынсын.

5. Мугалимдерге окуучулардын тартибине коз салуужана журум-турум эрежелерин калыптандыруу боюнча класстык сааттар, тегерек столдор уюштуруу милдеттендирилсин.

Директор: М.Ж. Карымшаков

Катчы: Ч.Байгашкаева

# Усуп мурзакматов атындагы Шапак жалпы орто билим берүү мектебинин ата-энелердин маалыматтык жыйыны

## Токтком №2

«2» май 2022-жыл Шапак айылы

**Төрага**: Карымшаков М.Ж.

**Катчы:** Шабдамбаева Н.М.

**Катышкандар:** мектеп администрациясы жана ата-энелер

**Жыйында каралуучу маселелер:**

1. Мектептин жетишкендиктери;
2. Соцпедагогдун маалыматы;
3. Ысык тамак боюнча маалымат;
4. Электрондук күндөлүктү талкулоо;

**Сөз мектеп директору Карымшаков Майрамбекке берилди:**

Саламатсыздарбы урматту ата-энелер жана мугалимдер. Кезектеги жыйындын өткөрүп жатканыбыздын бир нече себептери бар. Быйылкы окуу жылындагы жетишкендиктер жөнүндө маалымат беребиз ошондой эле жогоруда атап өткөндөй электторндук күндөлүктүн маселесин чечип берсениздер.

**Сөз окуу бөлүмүнүн башчысы Султанбаева Айзадага берилди:**

Усуп Мурзакматов атындагы Шапак жалпы орто билим берүү мектебинде 2021-2022-окуу жылында 18 мугалим, 10 техперсоналдар эмгектенишет. Окуучулардын жалпы саны даярдоо классын кошкондо 205 окуучу окуйт.

Быйылкы окуу жылынын урааны «Сапаттуу билим берүү жана руханий адеп-ахлактык тарбия өлкөнүн өнүгүүсүнүн негизи»- деген ураан мене ниш алып баруудабыз. Ушул ураандын негизинде көптөгөн иш чаралар өтүлдү.

3 жылга чейинки иштеген 4 жаш мугалим бар.

Окуучулардын билим сапаты – 1-чейректе 43%, 2- чейректе 43,67%, 3-чейректе 44, 19% болду.

«Окуу керемет» долбоору 1-4 класстын класс жетекчилери 3 күндүк тренинкге математика сабагынан катышып, окуп келишип, сабактарын көптөгөн жаны методдорду, стратегияларды колдонушуп атайын белгиленген мөөнөттө Райондук методисттер катышып «Эң жакшы» деген баада баалапкетишти. Мектепке «Юсаид» долбоору тарабынан планшет берилип, сабактар электрондук түрдө баланды.андан тышкары ата-энелер чогулушун өтүштү.

«Манас таануу» интелектуалдык таймашы 3 окуучу Какенова Жасмин, Рыспекова Нуржан, Асенов Шумкар райондук таймашка катышып, 35 мектептин ичинен 4-орунга ээ болуп келишти.

«Келечек жаратманы» деген темада республикалык олимпиада өткөрүлдү. Ага 6-класстын окуучусу Уркалыкова Айгерим Металл детектору «Пират» аттуу темир издегич апаратын жасап райондон 1-орун ээлеп, областык турга катышып, республикага өтүштү. Респуликага май айында жактап келүү алдында турабыз.

Декадалар айлыгы боюнча айта кетсек, биздин мектепте 3 Метод бирикме бар

1. Башталгыч класс
2. Гуманитардык
3. Так илимдер

Гуманитардык метод бирикмесинин декадасы 29-ноябрдан 10-декабрь аралыгында болду. Пландалган иш чаралардын баардыгы өз убагында өтүлдү. Андан кийинтак илимдер декадасы болуп өттү. Анда дагы ачык сабактар өтүлүп, ошондой эле 23-февраль, 8- март майрамдарына карата иш чаралар, семинарлар өтүлдү.

«Билимкана» олимпиадасына 16 окуучу катышты. Кыргыз тилден2 окуучу областка катышып келишти. Секом тестке окуучулар активдүү катышып, алды-133 балл алышты. НЦТ тестке дагы көптөгөн окучу катышып «4», «5» деген баа алышты.

Ушул жылы 2 мугалим билимин жогорулатуу курсуна барып, 2 жума окуп келишти. Окуп келгенден кийин семинар өтүшүп, жаны маалыматтарды беришти.

**Сөз соцпедагог Шабдамбаева Нурзатка берилди:** Быйылкы 2021-2022 окуу жылына соц педагог болуп мен Шабдамбаева Нурзат дайындалдым. Окуу жылы башталганда эле жаны иш план түзүлүп ошол иш пландын негизинде иштеп келе жатабыз. Жыл башында окуучулардын социалдык абалы такталып, ошого жараша жардамдар көрсөтүлүп келе жатат. Тизмедеги жарым жетим, аз камсыз үй-бүлөлөр, майыптыгы бар балдар, көп балалуу үй-бүлөлөрдүн балдарына женилдиктер каралып, киептин арендасынан бошотулду. Ошондой эле ата-энеси мигрант балдардын жашоосу көзөмөлгө алынып, камкордукка алган адамдан кол кат алынат. Ал адам ошол баланын тамак-ашын, кийим кечесин, мектепке болгон муктаждыктарын камсыздап, сабакка убагында жиберип туурусу шарт. Кырдаалга жараша тизме такталып турат. Ошондой эле тарбиясы, жүрүм-туруму көйгөйлүү окуучулар менен иш алып барууга милдеттүүбүз.

Кыздар кенеши байма бай өтүлүп турат, ИДН менен биргеликте кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча (суицид, эрте никеге туруу, кылмыштуулук ж.б.) жогорку класстарга жыйындар өтүлүп, лекциялар окулат.

Соцпедагогдун уюштуруусу менен «Жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун алдын алуу» деген темада ата-энелердин катышуусунда тегерек стол өтүлдү.

Окуучулар ФАП кызматкерлери тарабынан медасмотрдан өтүштү.

Социалдык абалдагы окуучулар менен дайыма соцпедагог менен биргеликте мектеп администрациясы, айыл өкмөттүн соцкызматкерлери жана ИДН кызматкерлери кызмат алып барышат.

**Сөз тарбия завучу Медатбекова Айзадага берилди:**

Усуп Мурзакматов атындагы Шапак орто мектебиде жалпысынан 74 бала ысык тамак ичүүдө

1-класс 16-окуучу

2-класс 15-окуучу

3-класс 23-окуучу

4-класс 20-окуучу

Жалпы ашкана торт болмодон турат:

1.Кол жуучу жай

2.тамак ичуучу

3.тамак бышыруучу жай
4.келген азык-тулукторду сактоочу жай
Айыл өкмөт тарабынан ун менен каржыланат
Ата-энелердин жана окмот тарабынан  кунуно 17 сомдун тамагын ичишүүдө
Бир айдын ичинде балдар он жети түрдүү тамак ичишүүдө

Тамак-аштын аталышы:

| | |
|---|---|
| 1. каша | 6.ганфан |
| 2. самсы | 7.чечевица |
| 3. куруч | 8.оромо жана башка |
| 4. шорпо эти менен | 9. лагман |
| 5. борщ | 10 .мастава |

**Сөз ашкана кызматкери Сагынбек кызы Перизатка берилди:** Убагында питаниенин акчасын төгүп турсанар. Картошканын жакшысын берсенер жана как бере электер берип жибергиле. Ата-энелер та рабынан кошкмча зарплата алып жатабыз.

**Сөз ата-энелер комитети Узбекова Гулзатка берилди:** Урматтуу-ата энелер мектептеги көйгөйлөрдү чечүүдө туура кабыл алсаныздар. Кээ бир окуучулардын тамагына эмгиче акча төлөбөгөн ата-энелер бар. Алардын балдарын сен тамак ичпейсин деп бөлүп кое албайбыз да туурабы? Ошон үчүн түшүнүү менен кабыл алсаныздар.

Сөз мектеп директору Карымшаков М.Ж. берилди: негизди жыл башында «Көзөмөлчүлөр кенеши» деген топ түзүлү эле. Ал топтун негизги милдети мектептин көйгөйүн ошол топ чечип бериш керек эле. Мындан ары ошол топтун мүчөлөрү мектептин ичиндеги маселелерге сиздер да кызыкдар болуп көйгөйлөрдүн чечилишине жардам бересиздер деген ишеничтемин.

Ошондой эле окуучулардын формасын, жогрку класстын көтөргөн сумкаларын, жүрүм-турумдарын көзөмөлгө алсанар.

Кийинки маселебиз «Электрондук күндөлүк» боюнча маалымат бере кетсем. Бул система менен иштөөдө ар бир окуучуга өзүнчө пароль берилип ата-энеси телефон аркылуу журналдагы окуучунун бааларын көрө алат. Мугалим окуучуну баалоодо мектептин журналына баасын коер замат, телефон аркылуу электрондук күндөлүккө дагы баа коюш керек болот.  ата-энелер ай

сайын 20 сомдон төлөп турушу шарт. Окуу жылынын аякташына эки ай гана убакыт калды бул системага өтөлүбү?

**Угулду**: Батырканова З.  эми жыл аяктап калбадыбы, кийнки окуу жылынан баштап бл системага өтсөк кандай болот?

**Углду**: Токтогулова К.  негизи балдардын окуудагы бааларын үйдөн көзөмөлдөп турганыбыз жакшы болуп атат, эми көпчүлүк кандай десе ошондой болсун.

**Угулду:** Байзакова Ж.  кийинки окуу жылында эле өтөлү макулсунарбы?

**Токтомдун чечими:**

2021-2022 окуу жылын аяктап, кийинки окуу жылынан баштап «электрондук күндөлүккө» өтөлү.

Мектеп директору: ________ Карымшаков М.Ж.

Катчысы: ________ Шабдамбаева Н.М.